**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз
жыйырма үчүнчү сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 23-1** **6-июль 2026-жыл**

**Токтомдорду жокко чыгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин регламентин негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 3-июлундагы чыгыш № 01-28/1325 сандуу катынын, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 3-июлундагы № 16 протоколунун негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу Б.Абдурашидовдун берген маалыматы эске алынсын.
2. 1) Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 3-4 “Муниципалдык мал базар курууга макулдук берүү жөнүндө” токтому;
   2) Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2025-жылдын 19-июнундагы № 11-8 “Кызыл-Туу айыл аймагына жаңы мал базар курууга бюджеттик кредит алууга макулдук берүү жөнүндө” токтому;
   3) Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2025-жылдын 19-июнундагы № 11-9 “Бюджеттик кредит келишимди түзүүгө макулдук берүү жөнүндө” токтому;
   4) Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2025-жылдын 13-октябрындагы № 15-1 “Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 3-4 токтомуна жана Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2025-жылдын 19-июнундагы №11-8 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;
   5) Кызыл-Туу айылдык кеңешинин 2026-жылдын 12-июнундагы № 22-1 “Муниципалдык мал базар курууга макулдук берүү жөнүндө” токтому жокко чыгарылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин убактылуу аткаруучу Б.Абдурашидовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**